**БУДАЛЫК АЙЫЛДЫК КЕНЕШИНИН 7 ЧАКЫРЫЛЫШЫНЫН КЕЗЕКТЕГИ 3 ОТУРУМУНУН**

**Т О К Т О М У**

Кайнама айылы № 3/3 09 сентябрь 2021-жыл

**Будалык айыл өкмөтүнүн аймагындагы бала бакчаларга ата-энелерден алынуучу төлөмдөрдүн суммасын 2021-жыл жана андан кийинки жылдар үчүн белгилөө жөнүндө**

Будалык айыл өкмөтүнө караштуу Октябрь айылындагы № 19 “Шалбаа“бала бакчасынын ата энелер чогулушунун 26.08.2021-жылдагы № 2 жана Кара-Суу айылындагы № 20 Ш.Айткулов атындагы бала бакчаларынын тарбиялануучуларынын ата энелеринен алынуучу төлөмдөр жөнүндө ата энелер чогулушунун 18.08 2021-жылдагы төлөмдөр жөнүндө чогулушунун № 2 протоколу менен таанышып жана талкуулап,

Будалык айылдык кенеши **токтом кылат:**

1. Будалык айыл өкмөтүнүн Октябрь айылындагы № 19 “Шалбаа “ жана № 20 “Ш.Айткулов“ атынданы бала бакчаларынын тарбиялануучуларынын ата-энелеринен алынуучу төлөмдөр 500( беш жүз) сом өлчөмүндө белгиленсин.

2. Будалык айыл өкмөтүнүн Октябрь айылындагы № 19 “Шалбаа “ жана № 20 “Ш.Айткулов атындагы бала бакчаларынын ата энелеринен алынуучу төлөмдөрдү өз убагында топтоп мыйзам чегинде иштетүү бала бакчалардын башчылары Чолпон Осмонова жана Шайыргүл Бекмаматовага милдеттендирилсин.

3. Токтомдун аткарылышын камсыз кылуу Будалык айыл өкмөтүнүн каржы бөлүмүнүн башчысынын милдетин аткаруу милдеттендирилсин

**Будалык айылдык**
**Кеңешинин төрагасы:** **Арапбай уулу Улан**